Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2013-жылдын III чейреги

2013-жылдын октябрь айы

Бишкек

# *Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

**Редакциялык кеңеш:**

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Бердигулова А.Р. |
| Жооптуу катчы | Айдарова А.К. |


Басылманын мазмунуна байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-51 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы,
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылмада республикада жана анын аймактарында түптөлгөн керектөө баа динамикасы, инфляцияга таасир эткен негизги факторлорго талдап-иликтөөлөр камтылып, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты жагындагы чечимдери жөнүндө баяндалып, кийинки мезгилге инфляцияга болжолдоолор сунушталат. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Маалыматтарды жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 31-октябры

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана №628 каттоо күбөлүгүнө ээ.
«Позитив» басма үйүндө басууга даярдалып, 100 нускада басылып чыгарылган.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсы формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун, таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

# Мазмуну

**1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ..................4**
1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш ..................4
1.1.1. Суроо-талап....................................................................................................4
1.1.2. Сунуш...........................................................................................................7
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ............................................................8
1.3. Тышкы экономикалык шарттар ........................................................................13
1.4 Алмашуу курсу ................................................................................................15

**2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.........................................................17**
2.1. Керектөө баа индексинин динамикасын талдап-иликтөөлөр ..................................17
2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы........................................................17
2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы .............................................18
2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы............................................................20
2.5. Аймактарда керектөө баа динамикасы .............................................................20
2.6. Базалык инфляция ..........................................................................................21

**3-ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ТОВАРДЫК-СЫРЬЕЛУК РЫНОКТОРГО БАЯНДАМА .........23**
3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторго баяндама ......................................................23
3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногуна баяндама ............................................24

**4-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ..........................25**
4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери ..............................................25
4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери ...............................25

**5-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР ..........................................26**
5.1. Инфляцияга таасир эткен негизги факторлордун өзгөрүүсүнө болжолдоолор ..............26
5.2. 2013-жылга инфляцияны болжолдоолор...............................................................27

**СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ..........................................................................................29**
**ГЛОССАРИЙ.....................................................................................................................33**
**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ..........................................................................36**

# 1-глава. Кыргыз Республикасынын экономикалык абалы

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн номиналдык көлөмү өткөн жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда реалдуу алганда 9,2 пайызга көбөйүү менен 236,9 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2012-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨ көлөмү 5,6 пайызга төмөндөгөн эле. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨ көлөмү отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында 6,1 пайызга (2012-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 3,7 пайызды түзгөн) өскөн. ИДӨ дефлятору 2012-жылдын январь-сентябрь айларындагы 10,5 пайызга караганда 3,4 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында ички суроотлап (түпкү керектөөгө чыгашалардын суммасы жана дүң топтоо), 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда, үй чарбасынын түпкү керектөөсүнө чыгашалардын 16,7 пайызга көбөйүүсүнүн жана материалдык жүгүртүү каражаттарынын запасынын алгылыктуу чекте 8,5 пайызга өзгөрүшүнүн эсебинен 9,9 пайызга көбөйгөн. Орточо айлык номиналдык эмгек акынын 5,1 пайызга, 11 057 сомго чейин жогорулашы жана акча которуулардын агымынын көбөйүүсүнөн улам, калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн артышы үй чарбасынын чыгашаларынын көбөйүүсүнө өбөлгө түзгөн.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨ жана акча которууларынын өзгөрүү динамикасы**
*(мезгил өткөн жылдагы тиешелүү мезгилге карата)*




Акча которуу системалары боюнча жеке адамдардын акча каражаттарынын агылып киришинин көлөмү 2013-жылдын январь-сентябрь айларында өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 13,0 пайызга жогору болгон. Буга карабастан, өсүш арымы улам төмөндөөдө. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча которуулардын таза агылып кирүүсү 8,5 пайызга көбөйгөн жана 1 384,5 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2012-жылдын ушул эле мезгилинде өсүш 15,0 пайызды түзгөн эле. Акча которуулардын негизги үлүшү (99,0 пайызы) мурдагыдай эле, КМШ өлкөлөрүнө туура келет, анын ичинде Россиядан түшүүлөр 98,8 пайыздын, Казакстандан түшүүлөр – 1,2 пайыздын чегинде катталган эле.

**1.1.1-таблица. Жеке адамдардын которуу системалары боюнча акча которуулары ***
*(млн.АКШ долл.)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | январь-сентябрь 2012 | январь-сентябрь 2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 124,9** | **1 505,4** | **1 768,5** | **1 275,5** | **1 384,5** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 252,6** | **1 695,4** | **2 017,9** | **1 455,5** | **1 644,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 199,3 | 1 639,4 | 1 980,4 | 1 426,0 | 1 628,9 |
| Казакстан | 35,0 | 41,2 | 33,8 | 25,5 | 19,0 |
| Россия | 1 164,3 | 1 597,5 | 1 946,2 | 1 400,3 | 1 609,5 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,7 | 0,5 | 0,2 | 0,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 53,3 | 56,0 | 37,5 | 29,5 | 15,8 |
| Бельгия | 0,2 | 1,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,5 | 1,2 | 0,8 | 1,1 |
| Германия | 9,9 | 15,7 | 9,5 | 7,0 | 1,8 |
| АКШ | 41,7 | 36,1 | 25,0 | 20,5 | 11,5 |
| Башка өлкөлөр | 0,1 | 1,3 | 1,8 | 1,2 | 1,3 |
| **Агылып чыгуулар** | **127,6** | **190,1** | **249,4** | **180,0** | **260,2** |
| КМШ өлкөлөрү | 125,8 | 185,8 | 243,8 | 175,6 | 256,4 |
| Казакстан | 0,4 | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,4 |
| Россия | 125,4 | 184,9 | 242,8 | 175,0 | 254,3 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,3 | 0,4 | 0,1 | 1,7 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 4,3 | 5,6 | 4,4 | 3,8 |
| Бельгия | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,2 | 0,3 |
| Германия | 0,3 | 1,4 | 1,4 | 1,1 | 0,2 |
| АКШ | 0,9 | 2,0 | 2,5 | 2,1 | 2,6 |
| Башка өлкөлөр | 0,2 | 0,3 | 1,4 | 0,9 | 0,6 |

* - Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, ошондой эле "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар

**Алдын ала алынган маалыматтар

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча отчеттук жылдын январь-август айларынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 5,4 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,7 пайыз (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде ИДӨгө карата – 5,0 пайыз) чегинде түптөлгөн.

Финансылык эмес активдерди сатуудан кирешелерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери өткөн жылдын январь-август айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 13,7 пайызга же 7,7 млрд. сомго көбөйүү менен 63,5 млрд. сомду (ИДӨгө карата 32,0 пайыз) түзгөн. Операциялык иштен кирешелер 63,4 млрд. сом же ИДӨгө карата 32,0 пайыз чегинде катталган. Операциялык кирешелердин өсүшүнө салыктык кирешелер олуттуу салым кошсо(8,8 п.п.), алынган расмий трансферттердин салымы – 3,5 п.п., ал эми салыктык эмес кирешелердин салымы – 1,6 п.п. түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларды кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 2012-жылдын январь-август айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,3 пайызга же 4,1 млрд. сомго көбөйүү менен 68,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 34,7 пайызды түзгөн.

Операциялык ишке чыгашалар 63,1 млрд. сом же ИДӨгө карата 31,8 пайыз чегинде түптөлгөн. Экономикалык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө утурумдук керектөөгө багытталган чыгашалардын жогорку үлүшү сакталууда. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө чыгашалардын үлүшүнүн 2,7 пайыздык пунктка көбөйгөндүгү байкалган, ал негизинен пенсиянын базалык бөлүгүн төлөөгө чыгашалардын өсүшүнүн эсебинен келип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча фонддун бюджетинин профицити 0,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелери – 21,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,9 пайызды, чыгашалары – 21,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,8 пайызды түзгөн.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджетти аткаруу**
*(бир мезгил ичинде)*




2013-жылдын январь-сентябрь айларында негизги капиталга инвестициялар өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,8 пайызга (салыштырылуучу баада) өскөн. Инвестициялардын тармактар боюнча бөлүштүрүлүшүн төмөнкүчө чагылдырууга болот: инвестициялардын негизги үлүшү тоо кендерин казып алуу өнөр жайына (27,7 пайыз), транспортко жана байланышка (15,6 пайыз), кайра иштеп чыгуу өнөр жайына (13,3 пайыз) туура келген. Мында, тоо кендерин казып алуу өнөр жайын каржылоо ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен (77,1 пайыз) жана тике чет өлкө инвестицияларынын эсебинен (21,4 пайыз) жүзөгө ашырылган, бул тоо кендерин казып алуу өнөр жайында объекттерди курууда негизги капиталга өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмүнүн 13,3 пайызга көбөйүүсүнө алып келген.

Кайра иштеп чыгуу өнөр жайында инвестицияларды өздөштүрүү көлөмү 2012-жылдын январь-сентябрь айларындагыга салыштырганда чет өлкө кредиттеринин (83,7 пайызга) жана ишканалардын, уюмдардын каражаттарынын (10,6 пайызга) эсебинен 19,4 пайызга көбөйгөн. Кайра иштеп чыгуу өнөр жайында инвестициялардын көбөйүүсү, эң башкысы, каражаттын "Кумтөр" алтын кен ишканасында өндүрүштүн калыбына келтирилиши, Кара-Балтадагы мунайды кайра иштетүү заводунда курулушту ишке ашырууга тартылышы менен шартталган.

Транспорт жана байланыш объекттерин курууну каржылоо, көбүнчө чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдардын (39,3 пайыз), чет өлкө кредиттеринин (28,3 пайыз), ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын (18,9 пайыз), республикалык бюджеттин (10,0 пайыз) эсебинен жүзөгө ашырылган.

**1.1.2-таблица Негизги капиталга каржылоо булактары боюнча инвесторлор**

| | январь-сентябрь 2012 | январь-сентябрь 2013 | январь-сентябрь 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн.сом* | | үлүшү, *пайыздар* | реалдуу өсүш арымы[1], *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **35 379,8** | **41 253,9** | **100,0** | **113,8** |
| **Ички инвестициялар** | **25 674,6** | **26 439,8** | **64,1** | **100,4** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттарды кошо алганда) | 1 768,1 | 1 540,1 | 3,7 | 85,2 |
| Жергиликтүү бюджет | 514,8 | 260,6 | 0,6 | 49,6 |
| Ишкана жана уюмдардын каражаттары | 13 559,3 | 13 465,2 | 32,6 | 96,8 |
| Банктын кредити | 293,7 | 166,0 | 0,4 | 55,4 |
| Калктын каражаттары | 9 538,7 | 11 007,9 | 26,7 | 112,6 |
| **Тышкы инвестициялар** | **9 705,2** | **14 814,1** | **35,9** | **1,5** эсеге |
| Чет өлкө кредити | 3 262,0 | 7 772,3 | 18,8 | 2,3 эсеге |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 4 697,7 | 3 602,2 | 8,7 | 74,9 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 1 745,5 | 3 439,6 | 8,3 | 1,9 эсеге |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

[1]Арымдар салыштырма бааларда эсептелинген

## 1.1.2. Сунуш

Өтүп жаткан жылдын тогуз айы ичинде ИДӨ ажырымынын жабылышы катталып, ал нөлдүк мааниге жакындаган. 2012-жылдан бери ИДӨ ажырымынын терс мааниси өндүрүштүк кубаттуулуктардын жеткиликтүү ишке тартылбай жаткандыгын көрсөткөн. Бирок, калыбына келтирүү процесси орун алган.

**1.1.3-сүрөт. ИДӨ ажырымы**

*(өткөн жылдын тиешелүүлүгүнө карата жыл башынан берки мезгил)*




ИДӨнүн калыптанышына негизги салымды “Кумтөр” алтын кен казып алуу ишканасында өндүрүш көлөмүнүн калыбына келишинин натыйжасында иштеп чыгуу өнөр жай ишканалары (3,7 п.п.), соода (1,3 п.п.), транспорт жана байланыш (1,1 п.п.) ишканалары кошкан.

МАЗМУНУ

Секторлор боюнча өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү,негизинен, иштеп чыгуу өнөр жайында (+ 34,7 пайызга), курулушта (+ 20,4 пайызга), транспорт жана байланышта (+ 12,1 пайызга) байкалган. Ошону менен бирге эле, экономиканын айрым секторлорунда өндүрүштүн төмөндөөсү да белгиленген. Алсак, электрэнергиясын иштеп чыгуунун 7,7 пайызга кыскарышы, ошондой эле электр энергиясын бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо көлөмүн 4,4 пайызга төмөндөшүнөн улам, өндүрүш көлөмүнүн 3,1 пайызга төмөндөшү менен электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү сектору тарабынан (-0,1 п.п.) ИДӨнүн өсүшүнө терс салым кошулган.

**1.1.3.-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*пайыздар*

| | Салыштырма *январь-сентябрь* | | Өсүш арымы *январь-сентябрь* | | Өсүшкө салым *январь-сентябрь* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012 -ж.** | **2013-ж.** | **2012 -ж.** | **2013-ж.** | **2012 -ж.** | **2013-ж.** |
| Айыл чарба, мергенчилик жана токой чарбасы | 20,1 | 18,8 | 2,8 | 4,2 | 0,5 | 0,8 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 1,2 | 0,9 | 22,6 | -1,7 | 0,2 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 10,5 | 12,0 | -43,4 | 34,7 | -8,3 | 3,7 |
| анын ичинде "Кумтөр" | 4,5 | 6,2 | -68,6 | 74,8 | -8,9 | 3,4 |
| Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,2 | 2,5 | 9,1 | -3,1 | 0,3 | -0,1 |
| Курулуш | 4,9 | 5,4 | 2,5 | 20,4 | 0,1 | 1,0 |
| Соода, автоунааны ремонттоо | 15,2 | 15,5 | 8,6 | 8,3 | 1,2 | 1,3 |
| Транспорт жана байланыш | 9,1 | 9,4 | 9,6 | 12,1 | 0,8 | 1,1 |
| Башкалар | 22,4 | 21,1 | 0,8 | 1,0 | 0,2 | 0,2 |
| Продукттарга таза салыктар | 13,3 | 14,4 | -5,6 | 9,2 | -0,6 | 1,2 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-5,6** | **9,2** | **-5,6** | **9,2** |
| **"Кумтөрдү" эске албаганда ИДӨ** | | | **3,7** | **6,1** | **3,3** | **5,8** |

*Булагы:УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси 2013-жылдын январь-сентябрь айларында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине караганда 24,5 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын январь-сентябрь айларында төмөндөө 33,0 пайызды түзгөн эле). Кайра иштеп чыгуу өнөр жайынын көпчүлүк секторлорунда, жалпысынан, алгылыктуу динамика байкалган. Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү эң башкысы, кайра иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн (34,7 пайызга), анын ичинде металлургия өндүрүшүнүн жана даяр металл буюмдарын чыгаруунун эсебинен (1,9 эсеге), химия өндүрүшүндө (30,3 пайызга), транспорттук каражаттарды жана жабдууларды өндүрүүнүн (29,5 пайызга) көбөйүүсү менен шартталган. «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу боюнча ишканаларды эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү 1,7 пайыз (2012-жылы тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 10,0 пайыз) чегинде катталган. Ошону менен бирге эле, текстиль жана тигүү өндүрүшүнүн төмөндөө тенденциясы үчүнчү чейрек катары менен уланууда. Текстиль жана тигүү өнөр жайында 12,3 пайызга төмөндөө тышкы соода шарттарынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу даяр продукцияга суроо-талаптын төмөндөөсү менен шартталган.

УСКнын алдын-ала маалыматтары боюнча 2013-жылдын январь-сентябрь айларында айыл чарбасынын физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү 4,2 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (өткөн жылдын январь-сентябрь айларында өсүш 2,8 пайызды түзгөн).

Соода операцияларынын дүң жүгүртүүсү отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында 213,1 млрд. сом чегинде катталган, мында соода операцияларынын көлөмү реалдуу мааниде 2012-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 7,7 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча соода көлөмүнүн өсүшү 9,5 пайызды түзгөн). Соода жүгүртүүсүнүн, автоунааларды, тиричилик буюмдарын жана жеке колдонуудагы буюмдарды оңдоонун өсүшүнүн байкалышы, кароого алынып жаткан мезгил ичинде өлкөнүн бардык областтары тарабынан камсыз болгон. Ушуну менен катар эле, автоунааларды жана мотор майларын сатуу, дүң соода (31,2 пайыз) жана мотор майларын чекене сатууну (11,8 пайыз) кошпогондо, чекене соода жүгүртүүсүнүн көлөмү негизги үлүштү (53,8 пайызды) түзгөн.

**1.1.4.-таблица. Соодалык операцияларды дүңүнөн жүгүртүүнүн динамикасы жана түзүмү**

| | январь-сентябрь 2012 | | январь-сентябрь 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, пайыздар | өсүш арымы, пайыздар | үлүшү, пайыздар | өсүш арымы, пайыздар |
| **Соода** | **100,0** | **109,5** | **100,0** | **107,7** |
| Авто жана мото техникаларын, алардын тетиктерин сатуу | 2,7 | 107,6 | 2,5 | 105,8 |
| Автоунааларды техникалык тейлөө жана ремонттоо | 0,5 | 106,6 | 0,5 | 103,0 |
| Дүң соода | 32,0 | 109,8 | 31,2 | 103,8 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 11,7 | 126,1 | 11,8 | 116,6 |
| Автоунааларды жана мотор майларын сатуудан тышкары, чекене сатуу | 52,9 | 106,5 | 53,8 | 108,3 |
| Тиричилик жана өздүк керектөө буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 103,1 | 0,2 | 101,8 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айларында акча базасы 6,9 пайызга же 4,4 млрд. сомго өсүү менен 2013-жылдын 1-октябрына карата 68,9млрд. сомду (2012 –жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде – 9,8 пайызга) түзгөн. Акча базасынын өсүшүнө Өкмөттүн операциялары катары эле, Улуттук банктын да операциялары да таасирин тийгизген жана алар аны 2,4 жана 2,0 млрд. сомго көбөйткөн. Мында, Улуттук банктын камдагы акчалардын кеңейишине алгылыктуу салым кошкон негизги операцияларынан болуп, ички рынокто 0,9 млрд. сом суммасында алтынды сатып алуу жана 0,7 млрд. сом суммасында кайра каржылоо кредиттерин берүү болгон. 2012-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасы 5,4 млрд. сомго өскөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 6,8 млрд. сомго көбөйткөн, ал эми Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,4 млрд. сомго кыскарткан.

2013-жылдын январь-сентябрь айларында Улуттук банк орун алып турган инфляциялык тобокелдиктерди, анын ичинде мамлекеттик бюджеттин күтүлүп жаткан жогорку деңгээлдеги тартыштыгына байланыштуу тобокелдиктерди эске алуу менен акча-кредит саясатын жүргүзгөн. Улуттук банк, монетардык түзүүчүлөрдү чектөө үчүн банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн, эң башкысы, сентябрь айынын акырында жүгүртүүдөгү көлөмү 2,7 млрд. сомду түзгөн Улуттук банктын ноталары аркылуу арылтууну ишке ашырган. Мындан тышкары Улуттук банк, үстөк ликвиддүүлүктү кошумча алып салуу максатында, биринчи жана экинчи чейректерде МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн: репо шартында сатылган жүгүртүүдөгү МБКлардын көлөмү март айынын акырында 546,5 млн. сомду, ал эми июнь айынын акырына карата – 0,2 млрд. сомду түзгөн. Үчүнчү чейректе Улуттук банк, репо шартында МБКларды сатуу боюнча операцилады жүргүзгөн эмес.

2013-жылдын январь-сентябрь айларында жүгүртүүдөгү акча 63,0 млрд. сомду түзүү менен 8,0 пайызга (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 7,4 пайыз) көбөйгөн.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы (М0 + сом түрүндөгү депозиттер) 2013-жылдын январь-сентябрь айларында 8,8 пайызга көбөйүү менен ушул жылдын 1-октябрына карата 84,3 млрд. сомду түзгөн (2012–жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 14,5 пайыз чегинде катталган). М2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчанын (М0) өсүшү - 7,2 пайызды, сом түрүндөгө депозиттер – 12,7 пайызды, анын ичинде мөөнөттүү депозиттердин өсүшү – 37,3 пайызды, которулма депозиттер (талап боюнча төлөнүүчү) – 1,4 пайызды түзгөн.

МАЗМУНУ

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




## M2X акча топтому

Кеңири мааниде колдонулуучу M2X (M2 + чет өлкө депозиттери) акча массасынын көлөмү 2013-жылдын январь-сентябрь айларында 15,1 пайызга көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-октябрына карата 113,3 млрд. сомду түзгөн (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 18,9 пайыз чегинде катталган). M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] 24,9 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер – 38,1 пайызга өскөн (2012-жылдын ушул эле мезгилинде депозиттердин жалпы көлөмүнүн өсүшү 36,2 пайызды, ал эми банктардан тышкаркы акчанын өсүшү 7,1 пайызды түзгөн).

Секторлор боюнча M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы компоненттеринин ичинен финансылык эмес корпорациялардын депозиттери жана башка финансылык корпорациялардын депозиттери тез арада өсүшкө ээ болуп, кароого алынып жаткан мезгил ичинде, тиешелүүлүгүнө жараша 30,8 жана 30,3 пайызды түзгөн. Башка секторлордун - резиденттердин депозиттери 20,2 пайызга өскөн.

**1.2.2-таблица. Коммерциялык банктардын депозиттеринин жылдык номиналдык өсүш арымы**




[1] Банк тутумунун аналитикалык балансында чагылдырылган маалыматтар боюнча бул статья жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин өзүндө камтыйт. Мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

2013-жылдын январь-сентябрь айларынын натыйжалары боюнча M2X акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 55,4 пайыздан 51,6 пайызга чейин азайган;
- сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 23,3 пайыздан 22,8 пайызга чейин кыскарган;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,3 пайыздан 25,6 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору кароого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башындагы 1,527ден сентябрь айынын акырындагы 1,644кө чейин көбөйгөн, бул M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмүндө депозиттердин көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн.

M2X кеңири маанидеги акчанын жүгүртүү тездиги жыл башындагы 3,4төн 2013-жылдын сентябрь айынын акырына карата 3,2ге чейин төмөндөгөн. Демек, M2X акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монетизациялоо коэффициенти, акча массасынын өсүшүнүн экономиканын өсүш арымына салыштырганда озгон арымда жүрүшүнүн натыйжасында, жыл башталышындагы 29,0 пайыздан 2013-жылдын сентябрь айынын акырына карата 31,0 пайызга чейин көбөйгөн.

**Банктар аралык рыноктогу операциялар**

Финансы рыногун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын калыптандыруу процессине олуттуу таасирин тийгизген факторлордун бири болуп саналган жергиликтүү финансы системасынын үстөк ликвиддүүлүгүнүн көлөмү кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 1,3 млрд. сомду түзүп, жыл ичинде 57,6 пайызга төмөндөгөн. 2013-жылдын январь-сентябрь аралыгында бул көрсөткүчтүн максималдуу мааниси жыл башында катталган, анда көрсөткүчтүн деңгээли 4,8 млрд. сомго чейин жогорулаган.

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




Сом түрүндөгү насыялардын (займдардын) агрегирленген өлчөмү 2,3 эсеге көбөйүп, жылдык 7,8 пайыз орточо чени менен (+0,1 п.п.) 1,6 млрд. сомду түзгөн ички банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда улуттук валютадагы адаттагы кредиттик бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмүнүн (+86,3 пайызга) көбөйүүсүнүн эсебинен 15,5 млрд. сом чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

2013-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 1,6 п.п. жогорулоо менен 4,3 пайызды түзгөн. “Овернайт” кредиттери боюнча чен 2012-жылдын январь-сентябрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда, ушул мезгил ичинде орточо 4,0 пайыз өлчөмүндө калыптануу менен 6,1 п.п. төмөндөгөн, ал эми мындай кредиттердин көлөмү жыл ичинде 6,0 эсеге өсүп, 7,7 млрд. сомго чейин жеткен.

Репо-операциялары боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 5,0 пайыздык пунктка, 3,7 пайызга чейин азайган. Репо-операциялары боюнча бүтүмдөрдүн көлөмү 6,2 млрд. сомду (+33,1 пайыз) түзгөн.

Отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында ликвиддүүлүктү колдоого 6 айлык мөөнөткө кредиттерди сунуштоо менен 5 аукцион өткөрүлгөн. Коммерциялык банктарга берилген кредиттик ресурстардын жалпы көлөмү 575,8 млн. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 5,0 пайызды түзгөн. Ошондой эле, 200,0 млн. сом жалпы суммасында 3 айлык мөөнөткө кайра каржылоо боюнча 1 аукцион өткөрүлгөн. Орточо салмактанып алынган пайздык чен 6,7 пайызды түзгөн.

Улуттук банктын алда канча кирешелүү жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталары инвесторлор тарабынан негизги суроо-талапка ээ болгон. 2013-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде жарыяланган эмиссиянын чогуу алгандагы көлөмү 34,2 млрд. сомду түзүп, 2012-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 54,1 пайызга көбөйгөн. Улуттук банктын ноталарын сатуунун агрегирленген көлөмү 29,4 млрд. сомду (+38,4 пайыз) түзгөн.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**




Отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында МКВлардын жарыяланган эмиссия көлөмү 4,6 млрд. сомду (+21,9 пайызды) түзгөн. Отчеттук мезгилде МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 25,1 пайызга, 4,4 млрд. сомго чейин жогорулаган. МКВлардын кирешелүүлүгүнүн орточо айлык көрсөткүчү 2012-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда баалуу кагаздардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөөсүнүн эсебинен 8,6 пайызга (-1,6 п.п.) чейин азайган, атап айтканда, жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү, тиешелүүлүгүнө жараша 1,4; 2,5 жана 1,4 п.п. төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, кошумча жайгаштырууларды эске алганда, жалпысынан 1,8 млрд. сом суммасына облигациялар жайгаштырылган, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиден 6,5 пайызга аз. Жылдын январь-сентябрь айларында жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 1,4 млрд. сомду (-31,2 пайызды) түзгөн.

МКОлордун эмиссия көлөмүнүн көбөйүүсүнүн алкагында рынок жигердүүлүгүнүн айрым бир жогорулоосу орточо айлык пайыздык чендин 0,1 п.п., 15,1 пайызга чейин бир аз жогорулоосу менен коштолгон.

**1.2.5-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**




## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын ала маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын 2013-жылдын тогуз айы ичиндеги тартыштыгы өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 20,5 пайызга көбөйүп, 2 626,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде тышкы соода жүгүртүү 5 240,5 млн. АКШ доллары чегинде катталган, бул 2012-жылдын тогуз айындагы көрсөткүчтөн 10,0 пайызга көп.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2013-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,2 пайызга көбөйүү менен 1 306,9 млн.

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансында чагылдырылган маалыматтар боюнча бул статья жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин өзүндө камтыйт. Мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

МАЗМУНУ

АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде алтындын экспортунун көлөмү 11,8 пайызга (абсолюттук мааниде 31,3 млн. АКШ долларына) өскөн. Мындай өсүш берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 25,2 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн, ошол эле учурда алтынды берүүлөрдүн айкын орточо экспорттук баасы 10,7 пайызга төмөндөгөн. Мындан тышкары, авиаотунунун, резина дөңгөлөктөрүнүн, тапталган айнектин, чоюндун, болоттун ж.б. экспортунун көлөмүнүн көбөйүүсү катталган. Ушуну менен катар эле, кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдарды, кендерди жана баалуу металл кошулмаларын, электр тогун, жүк ташуу үчүн автоунааларды жана атайы багытка каралган автоунааларды, сүттү, пахтаны ж.б. берүүнүн кыскаргандыгы байкалган. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 1,5 пайызга төмөндөө менен 1 009,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде экспорттолуучу товарлардын[1] негизги топторунун салыштырма салмагы олуттуу өзгөрүүгө учураган эмес. Аралык товарларын жана энергопродукцияларын эске албаганда, товарлардын бардык топтору боюнча нарктык көлөмүнүн төмөндөөсү байкалган, бул экспорттун жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн төмөндөшүнө алып келген.

Керектөө багытындагы товарлардын экспортунун көлөмү 279,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 12,8 пайызга төмөндөгөн. Мында, азык-түлүк сыяктуу эле, азык-түлүктөн башка товарлардын алынып кетиши кыскаргандыгы байкалган.

Азык-түлүк товарларын берүүнүн төмөндөөсү, эң башкысы сүт азыктарынын экспортунун нарктык көлөмүнүн азаюусунан улам келип чыккан. Алсак, майдан жана сырдан тышкары, сүттү, майы алынбаган коюу сүттү жана сүт азыктарын ташып кетүү берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 69,1 пайызга төмөндөшүнүн натыйжасында 65,4 пайызга (же 13,1 млн. АКШ долларына) кыскарган, ал эми контракттык баа 12,0 пайызга өскөн. Мындан тышкары, сырды жана быштакты берүүлөр да (75,6 пайызга же 2,3 млн. АКШ долларына) кыскарган, бул физикалык көлөмдүн 68,6 пайызга жана экспорттук баалардын 22,5 пайызга төмөндөөсүнөн улам келип чыккан. Мында, экспорттук баанын 1,9 пайызга жана берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 0,4 пайызга көбөйүүсүнүн натыйжасында жашылчаларды ташып кетүүнүн нарктык көлөмүнүн өсүшү (2,4 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына) жүргөн. Ошондой эле, жемиштерди жана жаңгактардын экспортунун көлөмү да (2,5 пайызга же 1,0 млн. АКШ долларына) көбөйгөн, бул баанын 1,1 пайызга төмөндөөсү шартында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 3,6 пайызга өсүшү менен аныкталган.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар айрыкча кыскарууга дуушар болгон (30,5 пайызга же 38,0 млн. АКШ долларына төмөндөө жүргөн). Ушуну менен катар эле, баалуу металлдардан жасалган зер буюмдардын (30,8 пайызга же 0,9 млн. АКШ долларына) жана мурда колдонууда болгон жеңил автоунаалардын (17,7 пайызга же 0,7 млн. АКШ долларына) экспортунун төмөндөөсү да белгиленген.

Товарлардын ФОБ баасында импорту[2] отчеттук мезгилде 13,3 пайызга өсүп, 3 933,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун өсүшүнүн негизги көлөмү эң башкысы, импорту 17,2 пайызга же 119,4 млн. АКШ долларына көбөйгөн ташылып келинген мунай заттарынын көлөмүнүн өсүшү менен камсыз кылынган (баанын 4,1 пайызга төмөндөөсү шартында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 21,8 пайызга өсүшүнүн эсебинен). Алынып келинген товарлардын көлөмүнүн өсүшүнө чоюндан, болоттон жана алюминийден жасалган конструкциялар, чоюн жана болот, авиакеросин, дан азыктары, ун жана крахмал, дары-дармектер ж.б. олуттуу салым кошкон. Мында, жүк ташуу үчүн каралган автоунааларды жана атайы багыттагы автоунааларды, кофени, чайды жана какаону, кантты, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдарды алып келүүнүн кыскаргандыгы байкалган.

[1] Бул жерде жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] Импорт СИФ баасында 4 256,3 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы СИФ баасында 2 949,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичиндеги импорттун функционалдык түзүмүндө[1] товарлардын бардык топторунун нарктык көлөмүнүн көбөйүүсү катталган. Ошондой болсо да, товарлардын азык-түлүк тобунун жана чийки заттардын салыштырма салмагы калган топтордун импорт көлөмүнүн озгон арымда өсүшүнүн кесепетинен, бир аз төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде керектөө багытындагы товарлардын импорт көлөмү 1 392,3 млн. АКШ долларына жеткен (7,7 пайызга өскөн). Өсүш азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн, тиешелүүлүгүнө жараша 10,3 жана 6,4 пайызга көбөйүүсү менен камсыз кылынган.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө дан эгиндерден азыктардын, ундун жана крахмалдын импорт көлөмү 2,1 эсеге (же 27,3 млн. АКШ долларына) көбөйгөн. Физикалык көлөмдүн 39,3 пайызга жана импорт бааларынын 37,2 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, буудай унун жана угутту ташып келүүнүн көлөмү (өсүш 91,1 пайызга же 17,0 млн. АКШ долларына) өскөн. Жемиштердин жана жаңгактардын импорт көлөмү 96,4 пайызга же 11,3 млн. АКШ долларына өскөн, ал физикалык көлөмдүн 47,3 пайызга жана баанын 33,3 пайызга өсүшүнүн натыйжасында жүргөн. Ушуну менен катар эле, импорт баасынын 13,9 пайызга жана ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 12,7 пайызга төмөндөөсү кофенин, чайдын жана какаонун импортунун нарктык көлөмүнүн 24,8 пайызга (же 16,6 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүн шарттаган. Мындан тышкары, канттын импорт көлөмү да (20,2 пайызга же 11,7 млн. АКШ долларына) төмөндөгөн, ал физикалык көлөмдүн 11,3 пайызга жана импорт баасынын 10,0 пайызга төмөндөөсүнөн улам шартталган.

Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында дары-дармектердин импорту (23,6 пайызга же 23,7 млн. АКШ долларына) өскөн, бул баанын 11,4 пайызга төмөндөөсүнүн алкагында физикалык көлөмдүн 39,5 пайызга көбөйүүсү менен камсыз болгон. Баанын 8,5 пайызга жана физикалык көлөмдүн 8,2 пайызга өсүшүнүн эсебинен эфир майы жана парфюмерия каражаттары 17,5 пайызга (же 11,0 млн. АКШ долларына) көбүрөөк алынып келинген. Ошону менен бирге эле, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдардын (6,2 пайызга же 9,6 млн. АКШ долларына) жана бут кийимдин импорт көлөмү (15,7 пайызга же 9,0 млн. АКШ долларына) олуттуу кыскарган.

## 1.4. Алмашуу курсу

2013-жылдын январь-сентябрь айларында алмашуу курсу 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 1 АКШ доллары үчүн 48,6197 сомго чейин жогорулаган. Жыл башынан тарта 3,1 пайызга көбөйүү менен 1 АКШ доллары үчүн 48,8745 сомду түзгөн валюта рыногунун негизги көрсөткүчү июль айында максималдуу чекке жеткен. АКШ долларынын курсунун жогорулоосу, негизинен, импорттолуп алынган продукцияга, атап айтканга КММга, автоунаага, металлга жана эл керектөөчү башка товарларга төлөө үчүн экономикалык агенттердин чет өлкө валютасына суроо-талабынын өсүшүнө байланыштуу келип чыккан. Алдын ала маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-сентябрь айларында чет өлкөдөн акча каражаттарынын агылып кириши өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 13,0 пайызга көбөйгөн.

Үчүнчү чейректе алмашуу курсу бир аз төмөндөгөн жана натыйжада сентябрь айынын акырында 1 АКШ доллары үчүн 48,6197 сомду түзгөн (жыл башында көбөйүү 2,6 пайыз).

[1] Бул жерде жана мындан ары СИФ баасында, Улуттук банктын кошумча баалоосун эске албаганда, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча

**1.4.1-сүрөт.Доллар курсунун акча которуулардын агылып келүүсүнөн көз карандылыгы**




Кароого алынып жаткан мезгилде валюта рыногунда сакталып турган салыштырмалуу туруктуулук, акча-кредиттик жөнгө салуу жагында алган милдеттерине ылайык, валюта рыногуна катышууну минималдаштыруу саясатын улантууга Улуттук банк өбөлгө түзгөн. 2013-жылдын үчүнчү чейрегинде валюта интервенциялары жүргүзүлгөн эмес. Жалпысынан алганда, өткөн тогуз ай ичинде Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу 14,7 млн АКШ долларын түзүп, 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 65,9 пайызга төмөндөгөн.

**1.4.2-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**



# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына талдап-иликтөөлөр

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2013-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча инфляция көрсөткүчү (2013-жылдын сентябры 2012-жылдын сентябрына карата) 6,0 пайызды түзгөн, инфляциянын орточо жылдык мааниси 7,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Керектөө баа динамикасы жылдын январь-сентябрь айларында, мурдагыдай эле, азык-түлүк товарларына баалардын таасири астында түптөлгөн. Алар керектөө куржунунда 48 пайызга жакынды ээлейт. Товарлардын бул тобуна баа жылдык мааниде 5,0 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде азык-түлүктөн башка товарларга керектөө баалары жылдык мааниде 7,1 пайызга, акы төлөнүүчү кызматтарга – 4,2 пайызга көбөйгөн. Алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына акциздин административдик жогорулатылгандыгына байланыштуу алкоголь жана тамеки продукцияларынын баасы жылдык мааниде алганда 11,0 пайызга олуттуу кымбатташы катталган.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**




## 2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Дүйнөлүк товардык чийки зат рынокторунда баанын салыштырмалуу туруктaшуусу жана айыл-чарбасындагы мол түшүмдүүлүк ички рыноктун товарлар менен каныгуусун шарттаган. Бул көрүнүш азык-түлүк товарларына болгон баа индексинин төмөндөшүнө таасир эткен.

2013-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде алганда 6,0 пайызга өскөн. Азык-түлүк товарлар түзүмүндө эң чоң салыштырма салмак нан азыктарына жана талканга туура келген. Сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча нан азыктарына жана талканга баалар жылдык мааниде алганда 4,4 пайызга өсүп, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 6,9 пайызга кымбаттаган. Республикада жана соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө 2012-жылы буудайдан начар түшүм алынышы, нан азыктарына жана талканга баанын өсүшүнүн негизги себебинен болгон. Мында, кароого алынып жаткан мезгил ичинде дан эгиндерине баа туруктуу сакталып, 2013-жылда күтүлүп жаткан жогорку түшүмдүүлүктүн чегинде төмөндөөгө ыктаган.

Сүт азыктарына баа индекси жылдык мааниде алганда 8,7 пайызга, жашылча-жемиштерге – 15,6 пайызга өскөн. “Май жана тоң майлар” товарлар тобу жылдык мааниде алганда 0,7 пайызга кымбаттаган.

**2.2.1-сүрөт. Азык-түлүк товарларына жылдык КБИде баа салымынын динамикасы**




Азык-түлүк товарларына ички баалардын дүйнөлүк баа шартынан өтө эле көз карандылыгы Кыргызстандын экономикасынын азык-түлүк импортуна көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорт үлүшү 56,3 пайызды, керектелинген өсүмдүк майларынын импорту 71,8 пайызды түзгөн, ал эми кантты керектөө импорт аркылуу 90,9 пайызга камсыз болгон.

## 2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

2013-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде алганда 7,1 пайызды түзгөн. Акыркы жылдарда товарлардын бул тобуна баа салыштырмалуу туруктуулугу сакталып, ошону менен бирге эле, азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшү жыл сайын басаңдоодо.

**2.3.1-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баанын өсүш динамикасы**
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата)*




"Кийим жана бут кийим" товарлар тобуна баанын көбүрөөк өсүшү жүргөн, ал 13,7 пайызга өскөн. Үй тиричилигине керектүү буюмдар жана тиричилик техникасы 6,1 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 2,9 пайызга, анын ичинде бензин 3,0 пайызга көбөйсө, дизель отунуна баа 2,2 пайызга өскөн.

**2.3.2-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**



## 2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси 2013-жылдын сентябрында жылдык мааниде 4,2 пайызга (2012–жылдын сентябрында – 10,0 пайызга) көбөйгөн. Бул топто индекстин өсүшү, эң башкысы, тойканалар жана мейманканалар сунуштаган кызматтардын 7,7 пайызга, билим берүү кызматынын (+2,4 пайызга) жана транспорт кызматтарынын (+1,8 пайызга) кымбаттагандыгынын эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 10,3 пайызга кымбаттаган.

**2.4.1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**




## 2.5. Кыргыз Республикасынын аймактарында орун алган керектөө баа динамикасы

Жыл башынан тартып республиканын бардык областтарында керектөө баа индексинин көбөйүүсү байкалган. Индекстин өзгөрүүсү жылдык мааниде 3,2 – 9,3 пайыз чегинде катталган. Жалал-Абад жана Ош областтарында азык-түлүктөн башка товарлардын алкоголдук жана тамеки продукцияларынын кымбатташынын эсебинен баанын эң жогорку өсүшү белгиленген.

**2.5.1-таблицасы. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы**
*(пайыздар)*

| | 2013-жылдын сентябрь айы | | |
|---|---|---|---|
| | **2012-ж. сентябры** | **2012-ж. декабры** | **2013-ж. августу** |
| **КБИ** | **106,0** | **101,6** | **100,5** |
| Баткен областы | 103,2 | 98,9 | 100,2 |
| Жалал-Абад областы | 109,3 | 103,0 | 101,3 |
| Ысык-Көл областы | 105,9 | 101,4 | 99,7 |
| Нарын областы | 104,6 | 99,5 | 99,2 |
| Ош областы | 108,6 | 103,3 | 100,6 |
| Талас областы | 103,2 | 100,1 | 101,2 |
| Чүй областы | 105,5 | 101,5 | 100,3 |
| Бишкек ш. | 105,3 | 101,4 | 100,5 |

Бишкек шаарында керектөө баалары жылдык мааниде 5,3 пайызга өскөн, мында тамак-аш азыктары 4,5 пайызга, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары 10,0 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 6,5 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтар 2,7 пайызга кымбаттаган.

**2.5.1-сүрөт. Жылдык инфляциянын аймактык түзүмү**
*(пайыздар)*




## 2.6. Базалык инфляция

Базалык инфляциянын Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ыкмасы боюнча эсептелген жылдык мааниси 6,7 пайызды, ал эми керектөө куржуну боюнча инфляция 6,0 пайызды түзгөн. Бул жерде базалык инфляция 4 көрсөткүчүнүн графикалык чагылдырылышы (мында азык-түлүк товарлары, электрэнергиясы, газды жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат) республикадагы азык-түлүк рыногунда түптөлгөн жагдайлар керектөө баа динамикасын аныктоочу болуп санала тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Базалык инфляция 4 көрсөткүчү туруктуу динамикага жана маанилердин анча чоң эмес дисперсиясына ээ.

**2.6.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкан 2) май жана тоң майлар 3) жашылча-жемиштер; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2- товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жашылча-жемиштер 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 - товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкандар 2) сүт азыктары 3) жашылча-жемиштер; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 - азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

УСКнын Базалык инфляцияны эсептөө ыкмасы – мында сүт, кант, жашылча-жемиштин жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр алынып салынат.



МАЗМУНУ

# 3-глава. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы түптөлгөн жагдайлар боюнча баяндама

## 3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама

2013-жылдын январь-сентябрь айларында дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы жагдай негизги азык-түлүк товарларына баанын төмөндөөсүнүн бир калыпта жүргөн динамикасын сактоо менен туруктуу катары мүнөздөөгө болот.

Мында, 2013-жылдын үчүнчү чейрегинин акырында баанын бир аз өзгөрүүсү катталган, атап айтканда сентябрь айынын акырында буудай рыногунда Бразилиянын Америкада өндүрүлгөн буудайга суроо-талаптын мүмкүн болуучу жогорулоосунун, ошондой эле Кытайга буудай импортунун көбөйүүсү болжолдонушунун натыйжасында, баанын бир аз өсүшү байкалган. Кант рыногу да ири өндүрүүчүдөн болгон Бразилияда аба-ырайынын жамгырлуу болушунан, ошондой эле дүйнөдө кантты ири керектөөчүдөн болгон Индияда суроо-талаптын артышынан улам, бир аз жогорулагандыгы катталган.

Жүгөрү жана күн карама майынын дүйнөлүк рынокторунда төмөндөөгө ык койгон тренд сакталып калып, ал түшүмдүүлүктүн жогору экендигин болжолдоого түрткү берген.

Өтүп жаткан жылдын сентябрь айында ФАО азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси 199,1 пункту түзгөн, бул жыл башындагы көрсөткүчтөн 11 пунктка төмөн. Сентябрь айында беш айдан бери уланып келе жаткан индекс маанисинин төмөндөөгө ыктоо тенденциясы белгиленген, мындай жагдай дан эгиндерине дүйнөлүк баанын кескин төмөндөөсүнөн улам түптөлгөн, ал эми бул индексти түзгөн сүт азыктары, май, эт жана кант сыяктуу азык-түлүктөргө баа бир аз өскөн.

**3.1.1-сүрөт. 2012-2013-жылдардагы азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы**

*(тонна үчүн АКШ доллары)*




Эл аралык кант уюму (ISO) 2013-14-маркетинг сезонунда дүйнөлүк кант өндүрүүнүн 178,5 млн. тоннага чейин кыскарышын болжолдоодо. Бул жагдай дүйнөлүк баага терс таасирин тийгизиши, демек, Кыргызстанда ички баалардын жогорулоо тобокелдигин жаратышы мүмкүн.

Дүйнөдө дан эгининин жана канттын түшүмдүүлүгүнө баа берүү төмөндөө жагына корректировкалангандыгына карабастан, дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда түптөлгөн жагдайлардан улам, баанын олуттуу өзгөрүшүн же болбосо сунуштун жетишсиздигин болжолдоого болбойт.

## 3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногундагы жагдай боюнча баяндама

2013-жылдын кароого алынган мезгили ичинде дүйнөлүк энергопродукция рыногу айрым бир өзгөрүүлөрдүн жүргөндүгүн тастыктаган. Жылдын баш жагында мунайга баа тез өскөнү менен февраль айынын акырында ал төмөндөп, жыл ортосунда максималдуу төмөнкү чекке жеткен. Экинчи чейректе бара-бара өсүү калыбына келип, ал сентябрь айынын орто ченине чейин сакталып турган. Бүтүндөй алганда, дүйнөлүк мунай рыногунда түптөлгөн жагдайга мунайды негизги импорттогон жана экспорттогон өлкөлөрдүн саясый экономикалык абалы жана жаратылыш климаттык факторлор, АКШнын, Кытайдын жана Евро аймагынын макростатистикасы боюнча жаңылыктар таасир эткен.

Жылдын январь-сентябрь айларында негизги сортко баа (Urals, Brent, WTI) баррель үчүн 86,7 – 120,1 доллары чегинде өзгөрүлүп турган. Мында, «Brent» маркасындагы мунайга орточо баа ушул мезгил ичинде 109,5 АКШ долларынын деңгээлинде турган, бул 2012-жылдагы ушул көрсөткүчтөн (11,2 АКШ доллары) 1,5 пайызга төмөн.

**3.2.1-сүрөт. 2013-жылдын январь-сентябрь айларындагы мунайга карата баа динамикасы**




Улуттук статика комитетинин маалыматтары боюнча бензинге орточо баа (АИ-92 жана АИ-95) 1-октябрга карата абал боюнча 2012-жылдын декабрь айындагы орточо баага салыштырганда 46 тыйынга көбөйүп (+1,1 пайызга), АИ-92 маркасындагы бензин үчүн – 38,3 сомду, ал эми АИ-95 маркасындагы бензин үчүн 42,9 сомду түзгөн. Октябрь айынын 1-ине карата абал боюнча дизель отунуна баа республикада 2012-жылдын декабрь айында катталган орточо баага салыштырмалуу 31 тыйынга жогорулаган (+0,8 пайыз). Баанын айрыкча жогорулоосу Баткен областында АИ-80 маркасындагы бензин үчүн 39,1 сомго жеткен (+10,1 пайыз).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде КММны берүүлөрдө олуттуу үзгүлтүктөр байкалган эмес. Жагдай туруктуу сакталып, бирок үчүнчү чейректин акырында Кыргызстанда КММга баа жогорулай баштаган. Буга Россиянын мунай иштетүүчү заводдорунун жөнөтүү учурундагы баасынын жогорулатылышы таасир эткен.

# 4-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын үчүнчү чейрегинде акча-кредит саясаты боюнча кабыл алган негизги чечимдеринин тизмеги төмөндө келтирилген:

1. 2013-жылдын 26-августунда акча-кредит чөйрөсүндө түптөлгөн жагдайга баа берүү жана экономикалык өнүгүшүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында Улуттук банк Башкармасы, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат боюнча отчетту (№31/1 токтом) кароого алып, жана кийинки мезгилге акча-кредиттик программаны жактырган. Анын алкагында кыска мөөнөт ичинде акча-кредит саясатынын негизги багыттары жана аны ишке ашыруунун индикативдик параметрлери аныкталган.

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат боюнча даярдалган отчеттун кыскартылган варианты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президентин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономика министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланган.

## 4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары – КДКР) акча-кредит чөйрөсү боюнча оперативдүү чечимдерди иштеп чыгып, кабыл алат. КДКР акча рыногунда калыптанган жагдайларга баа берүүнүн негизинде жума сайын чечимдерди кабыл алып турат. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Улуттук банк Башкармасы аныктаган жана 2013-2015-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, келерки мезгилге акча-кредити программада көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге жараша, банк тутумунда жана салык-бюджет чөйрөсүндө орун алган жагдайларды эске алуу менен КДКР тарабынан аныкталат.

2013-жылдын 3-чейрегинде КДКРдин 15 отуруму өткөрүлүп, анын ичинде валюта рыногун жөнгө салуу маселесине арналган пландан тышкары 3 отурум өткөрүлгөн. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында, Улуттук банктын ноталарынын жумалык аукциондору өткөрүлүп турган. Улуттук банк 3-чейрек ичинде банктар аралык валюта рыногунда валюталык интервенцияларды жүргүзгөн эмес, буга валюта рыногунда сакталып турган салыштырмалуу туруктуу жагдай өбөлгө түзгөн.

2012-жылдын акырында Улуттук банк кайра каржылоо максатында, кредиттик аукциондорду өткөрүү аркылуу банк тутумун ликвиддүлүк менен камсыз кылуу жагында акча-кредит саясатынын инструменттеринин чөйрөсүн кеңейткен. Бул инструмент банктарга ликвиддүүлүктү колдоого жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. 3-чейрек ичинде кайра каржылоо кредити боюнча жарыяланган 3 аукцион 343,8 млн. сом жалпы көлөмүндө өткөрүлгөн.

# 5-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор

Негизинен, 2013-жылдагы экономикалык өнүгүүгө оптимисттик көз караштан баа берилген. Өткөн тогуз айдын жыйынтыгы жана сырьелук товарларга, негизги азык-түлүк позицияларына тышкы рыноктордо сыяктуу эле, ички рынокто түптөлгөн баа динамикасынын төмөндүгү, инфляциялык процесстерге токтотуучу таасир этүүдө. Тогуз ай ичинде экономиканын реалдуу өсүшү 9,2 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын ушул эле мезгилинде ал 5,6 пайызга төмөндөгөн эле. "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 6,1 пайызды түзгөн. Өтүп жаткан жылдагы мындай таасирдүү өсүш, аталган ишканаларда алтын казып алуу ишинин калыбына келтирилиши, курулуш ишинин жигеринин артышы (+20,4 пайыз), акча-кредит саясаты, айыл чарба секторунда жакшы түшүмдүн алынышы (+4,2 пайыз) жана өткөн жылдын төмөндөөгө ык койгон базасынын сакталышы менен шартталган. Бул факторлордун таасири 2013-жылдын акырына чейин сакталат. Негизинен, жыл жыйынтыгы боюнча экономиканын 10,3 пайыз деңгээлинде алгылыктуу өсүшү, ал эми ИДӨ дефлятору 3,0 пайыз чегинде болжолдонууда.

**5.1.1-сүрөт. ИДӨ өсүшүн болжолдоо**

*(пайыздар, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Ошону менен бирге эле, экономикалык өсүштүн басаңдашы тобокелдиги сакталып калууда. "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында алтынды казып алуунун пландык көрсөткүчүнө жетишүү өсүштүн жыйынтык маанисин аныктайт. Мындан тышкары, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасынын суроо-талабынын ар кандай таасирлерге дуушарланышы ыктымалдыгы, тышкы соода шарттарынын өзгөрүшү жана орто мөөнөттүк мезгил ичинде Кытайда жана Россияда экономикалык өсүштүн басаңдашы[1] экономиканын соода жүргүзүү секторлорунун өнүгүшүнө жана калктын төлөөгө жөндөмдүү талабына бир аз кесепетин тийгизиши мүмкүн.

[1] Түптөлгөн тенденцияларды эске алуу менен ЭВФ, Россия экономикасынын 2013-жылдагы өсүш болжолдоосун 2,7 пайыздан 1,5 пайызга чейин, Кытайдыкын – 7,8 пайыздан 7,6 пайызга чейин корректировкалаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн болжолдоолоруна ылайык, 2013-жылы Кыргызстандын ИДӨ өсүшү ИДӨ дефлятору 7,0 пайыз деңгээлинде турган шартта 7,8 пайызды түзөт. ИДӨнүн номиналдык көлөмү 351,1 млрд. сом деңгээлинде күтүлөт.

Өтүп жаткан жылдын тогуз айы ичинде өндүрүштө бир аз терс ажырым орун алган. Жыл жыйынтыгы боюнча анын тенденциясы улануу менен жыл акырында бул көрсөткүч алгылыктуу чекке жылышат. Орточо мөөнөттүк мезгил ичинде ИДӨнүн алгылыктуу багыттагы ажырымынын орун алышы экономикада инфляциялык процесстердин күчөшүнө түрткү бериши мүмкүн.

**5.1.2-сүрөт. ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(жыл башынан берки мезгил, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата)*




## 5.2. 2013-жылга инфляцияны болжолдоолор

2013-жылдын жыйынтыгы боюнча инфляция болжолу Улуттук банк тарабынан жарыяланган бир сандык маани чегинде күтүлөт. Дүйнөлүк-товардык чийки зат рынокторунда баанын туруктaшуусу жана республикада айыл-чарба өсүмдүктөрүнөн жакшы түшүм алынышы өлкөдөгү баа динамикасына алгылыктуу таасирин тийгизген. Жылдын 3-чейрегинде орун алып турган инфляция 0,1 пайыз деңгээлинде аныкталып, бул Улуттук банк күткөн деңгээлден бир аз төмөн болгон.

Азык-түлүк рыногунда баа туруктуулугунун сакталышы инфляциялык процесстерди басаңдатууга өбөлгө түзөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баа алгылыктуу чекте болуп, жыл акырына чейин 107-108 пайыз деңгээлинде сакталат.

Жыл жыйынтыгы боюнча инфляция, ички жана тышкы ар кандай өзгөрүүлөр болбосо, 5 пайыз деңгээлинде болушу болжолдонууда.

МАЗМУНУ

**5.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*




**5.2.2-сүрөт. Инфляция боюнча болжолдоолорду жана фактыларды салыштыруу**
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*



# Статистикалык тиркемелер

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь |
| **Керектөө бааларынын индекси** | 100,8 | 100,1 | 100,1 | 99,8 | 100,7 | 99,6 | 100,1 | 100,9 | 101,1 | 101,9 | 100,8 | 101,5 | 100,8 | 100,4 | 99,9 | 99,9 | 100,3 | 100,1 | 99,7 | 99,9 | 100,5 |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,6 | 99,3 | 99,5 | 98,8 | 100,1 | 98,7 | 99,6 | 101,3 | 100,8 | 102,6 | 101,3 | 101,8 | 101,4 | 100,2 | 99,5 | 99,6 | 100,3 | 99,7 | 99,1 | 99,3 | 100,4 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 100,2 | 100,9 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 101,0 | 100,4 | 101,1 | 100,4 | 103,5 | 100,2 | 101,9 | 100,4 | 100,3 | 100,4 | 101,3 | 100,0 | 100,1 | 101,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,6 | 101,1 | 101,8 | 100,7 | 100,9 | 100,2 | 100,2 | 100,3 | 100,2 | 100,5 | 100,5 | 100,4 | 100,6 | 100,6 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,6 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,8 | 100,4 | 102,2 | 100,6 | 100,1 | 100,8 | 100,5 | 100,3 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 100,4 | 100,1 | 100,3 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | 100,6 | 99,3 | 99,5 | 98,8 | 100,1 | 98,7 | 99,6 | 101,3 | 100,8 | 102,6 | 101,3 | 101,8 | 101,4 | 100,2 | 99,5 | 99,6 | 100,3 | 99,7 | 99,1 | 99,3 | 100,4 |
| Нан азыктары жана акшак | 98,2 | 98,7 | 99,3 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 101,9 | 107,4 | 100,7 | 104,4 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 99,4 | 99,5 | 99,4 | 99,3 | 100,4 | 100,7 |
| Эт | 101,9 | 99,9 | 98,7 | 99,4 | 99,7 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 101,3 | 99,9 | 99,5 | 99,7 | 100,0 | 100,2 | 100,6 | 101,0 | 100,5 | 100,0 | 100,9 | 102,3 |
| Балык | 102,2 | 100,1 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,8 | 101,4 | 101,5 | 102,9 | 104,8 | 101,5 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,1 | 100,0 | 100,1 | 99,4 | 98,3 | 100,0 | 99,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,2 | 100,3 | 99,0 | 97,3 | 96,1 | 96,3 | 96,9 | 100,0 | 106,4 | 107,3 | 102,3 | 104,5 | 101,3 | 99,3 | 98,7 | 97,7 | 97,1 | 97,6 | 99,5 | 99,7 | 104,0 |
| Май жана тоң май | 100,0 | 99,4 | 99,6 | 99,0 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 | 101,2 | 99,9 | 100,4 | 100,1 | 99,7 | 100,0 | 99,4 | 99,9 | 100,0 | 100,4 | 99,8 | 100,0 |
| Жемиш менен жашылча | 103,4 | 98,5 | 101,3 | 94,6 | 102,9 | 95,6 | 95,3 | 91,6 | 102,8 | 102,6 | 108,6 | 112,5 | 107,8 | 100,3 | 97,1 | 99,1 | 101,5 | 99,7 | 95,9 | 94,2 | 96,9 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,2 | 99,5 | 100,1 | 99,6 | 104,4 | 99,2 | 98,2 | 99,3 | 98,1 | 99,0 | 100,1 | 100,5 | 99,9 | 99,9 | 99,4 | 100,3 | 102,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 99,5 |
| Башка тамак-аш азыктары | 101,0 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,5 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 102,2 | 100,6 | 100,2 | 100,4 | 100,4 | 100,2 | 100,2 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,1 | 99,3 | 99,2 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,2 | 98,8 | 100,6 | 100,3 | 100,5 | 100,0 | 100,7 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 100,9 | 103,4 | 102,0 | 100,4 | 100,2 | 100,6 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,3 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | 100,2 | 100,9 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 101,0 | 100,4 | 101,1 | 100,4 | 103,5 | 100,2 | 101,9 | 100,4 | 100,3 | 100,4 | 101,3 | 100,0 | 100,1 | 101,0 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,2 | 100,2 | 101,3 | 100,5 | 101,4 | 100,5 | 104,8 | 100,0 | 102,4 | 100,2 | 100,1 | 100,5 | 101,6 | 100,0 | 100,1 | 100,5 |
| Тамеки | 100,6 | 99,9 | 100,5 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,8 | 100,2 | 101,1 | 100,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 103,1 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | 101,9 | 100,2 | 102,2 | 101,9 | 101,2 | 100,6 | 100,3 | 100,4 | 101,4 | 102,5 | 101,2 | 101,4 | 100,7 | 100,8 | 100,9 | 100,7 | 101,0 | 101,1 | 100,9 | 100,8 | 101,0 |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана отундун башка түрлөрү** | 101,2 | 100,6 | 99,2 | 98,9 | 100,1 | 99,6 | 101,0 | 100,8 | 100,3 | 102,1 | 100,5 | 100,6 | 99,5 | 99,1 | 99,4 | 100,0 | 100,2 | 100,2 | 100,2 | 100,2 | 99,9 |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техника** | 101,0 | 101,2 | 100,5 | 100,9 | 101,2 | 100,8 | 99,9 | 100,8 | 100,9 | 101,1 | 100,6 | 100,7 | 100,4 | 100,9 | 100,9 | 100,5 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,3 | 100,2 |
| **Саламатыкты сактоо** | 101,5 | 101,4 | 100,5 | 100,7 | 101,1 | 99,4 | 102,8 | 100,4 | 101,2 | 99,7 | 100,3 | 100,3 | 103,5 | 100,5 | 100,2 | 101,0 | 100,6 | 101,7 | 99,6 | 100,8 | 101,7 |
| **Транспорт** | 99,4 | 100,3 | 99,9 | 100,0 | 105,5 | 100,2 | 101,1 | 101,0 | 99,9 | 100,2 | 100,3 | 100,2 | 100,0 | 100,4 | 100,3 | 99,5 | 99,8 | 99,9 | 99,8 | 100,5 | 100,9 |
| КММ | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,2 | 100,1 | 102,1 | 101,4 | 99,9 | 99,2 | 99,5 | 99,5 | 98,9 | 97,6 | 99,2 | 98,3 | 102,1 | 105,6 |
| **Байланыш** | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | 100,4 | 101,1 | 101,2 | 101,2 | 98,7 | 100,1 | 100,4 | 101,8 | 101,4 | 100,5 | 100,2 | 100,9 | 100,3 | 101,3 | 100,2 | 99,9 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 100,6 |
| **Билим берүү** | 100,3 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 107,8 | 99,9 | 100,0 | 100,0 | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 102,1 |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | 102,9 | 102,1 | 100,5 | 100,7 | 101,7 | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 101,8 | 102,2 | 100,0 | 102,2 | 100,4 | 100,3 | 101,0 | 100,4 | 100,2 | 100,1 | 100,8 | 100,0 | 100,0 |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызматтар** | 101,1 | 100,5 | 100,5 | 100,7 | 100,9 | 100,0 | 100,1 | 100,5 | 102,6 | 100,6 | 100,3 | 100,8 | 100,4 | 100,2 | 100,2 | 99,9 | 100,0 | 100,6 | 100,8 | 100,1 | 99,1 |



МАЗМУНУ

## 2-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай, пайыздар*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,6** | **100,6** | **99,6** | **100,0** | **102,2** | **104,4** | **106,9** | **107,0** | **107,6** | **107,6** | **107,9** | **107,8** | **107,9** | **107,5** | **108,1** | **107,7** | **106,6** | **106,0** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,8 | 90,4 | 91,5 | 89,8 | 91,0 | 94,8 | 98,5 | 102,6 | 103,5 | 104,4 | 105,2 | 106,1 | 106,0 | 106,9 | 107,1 | 108,1 | 107,6 | 105,5 | 105,0 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 109,8 | 110,6 | 109,8 | 110,6 | 110,5 | 110,3 | 109,0 | 109,3 | 109,0 | 109,0 | 107,9 | 110,6 | 110,5 | 111,7 | 112,0 | 111,4 | 111,1 | 111,8 | 111,3 | 110,4 | 111,0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,7 | 109,9 | 109,4 | 109,1 | 110,0 | 111,7 | 110,9 | 109,9 | 108,8 | 108,4 | 107,9 | 107,6 | 107,3 | 107,7 | 107,6 | 107,6 | 107,1 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,6 | 109,9 | 110,1 | 111,7 | 111,7 | 110,4 | 110,7 | 110,0 | 109,9 | 109,5 | 110,1 | 109,9 | 109,6 | 110,0 | 109,6 | 106,9 | 106,9 | 106,5 | 106,2 | 104,2 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | **99,3** | **95,8** | **91,8** | **90,4** | **91,5** | **89,8** | **91,0** | **94,8** | **98,5** | **102,6** | **103,5** | **104,4** | **105,2** | **106,1** | **106,0** | **106,9** | **107,1** | **108,1** | **107,6** | **105,5** | **105,0** |
| Нан азыктары жана акшак | 96,1 | 91,1 | 84,3 | 83,2 | 83,1 | 83,1 | 85,0 | 92,1 | 96,8 | 104,1 | 107,0 | 109,1 | 111,2 | 113,1 | 114,0 | 113,8 | 114,4 | 114,6 | 111,7 | 104,4 | 104,4 |
| Эт | 120,8 | 117,1 | 114,5 | 113,7 | 111,5 | 107,0 | 102,4 | 100,6 | 98,5 | 101,0 | 100,6 | 98,8 | 96,7 | 96,9 | 98,4 | 99,6 | 100,9 | 102,1 | 102,5 | 103,5 | 106,1 |
| Балык | 115,1 | 114,2 | 114,4 | 116,5 | 117,8 | 116,6 | 117,6 | 119,3 | 122,2 | 123,8 | 122,7 | 119,9 | 117,2 | 117,4 | 116,3 | 113,7 | 113,0 | 112,6 | 109,0 | 107,3 | 103,6 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,3 | 105,4 | 107,7 | 106,3 | 105,0 | 103,9 | 103,9 | 103,1 | 105,0 | 108,1 | 108,0 | 107,9 | 107,0 | 105,9 | 105,6 | 106,0 | 107,2 | 108,7 | 111,5 | 111,3 | 108,7 |
| Май жана тоң май | 105,0 | 104,2 | 101,2 | 98,9 | 97,1 | 97,4 | 96,9 | 97,0 | 98,0 | 98,9 | 99,0 | 99,1 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 100,2 | 101,2 | 101,5 | 102,1 | 101,7 | 100,7 |
| Жемиш менен жашылча | 76,0 | 73,4 | 70,7 | 68,0 | 74,6 | 70,2 | 78,2 | 89,7 | 103,9 | 104,1 | 103,6 | 108,1 | 112,6 | 114,7 | 109,9 | 115,1 | 113,7 | 118,5 | 119,2 | 122,6 | 115,6 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,3 | 93,5 | 92,4 | 91,3 | 95,4 | 94,2 | 90,6 | 86,3 | 91,6 | 97,0 | 98,7 | 98,9 | 97,6 | 98,0 | 97,3 | 98,1 | 96,1 | 96,5 | 98,2 | 98,7 | 100,1 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,4 | 105,8 | 105,7 | 105,2 | 103,7 | 104,3 | 104,8 | 104,8 | 105,0 | 104,4 | 104,2 | 104,9 | 105,1 | 105,0 | 104,8 | 104,9 | 103,9 | 100,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,2 | 107,4 | 105,0 | 104,1 | 104,2 | 103,8 | 104,0 | 104,5 | 104,4 | 106,9 | 107,8 | 109,6 | 109,1 | 109,4 | 109,5 | 109,7 | 109,1 | 109,3 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | **109,8** | **110,6** | **109,8** | **110,6** | **110,5** | **110,3** | **109,0** | **109,3** | **109,0** | **109,0** | **107,9** | **110,6** | **110,5** | **111,7** | **112,0** | **111,4** | **111,1** | **111,8** | **111,3** | **110,4** | **111,0** |
| Алкоголдук ичимдиктер | 108,8 | 110,1 | 109,9 | 111,0 | 110,7 | 110,2 | 108,0 | 108,8 | 108,3 | 108,8 | 108,5 | 112,3 | 112,2 | 113,5 | 113,7 | 112,8 | 112,7 | 114,3 | 114,1 | 112,6 | 112,6 |
| Тамеки | 112,3 | 112,0 | 109,4 | 109,5 | 110,0 | 110,9 | 111,4 | 110,7 | 110,5 | 109,3 | 106,5 | 105,9 | 106,1 | 106,4 | 107,1 | 107,6 | 106,6 | 104,6 | 103,5 | 103,9 | 107,0 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **113,8** | **112,4** | **112,9** | **112,6** | **112,7** | **112,7** | **112,4** | **111,8** | **113,2** | **115,3** | **116,1** | **116,0** | **114,7** | **115,4** | **113,9** | **112,6** | **112,4** | **113,0** | **113,6** | **114,2** | **113,7** |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана отундун башка түрлөрү** | **103,3** | **104,6** | **104,7** | **104,8** | **106,9** | **106,0** | **106,8** | **107,5** | **107,2** | **110,4** | **108,0** | **105,2** | **103,4** | **101,8** | **102,0** | **103,1** | **103,2** | **103,7** | **102,9** | **102,3** | **101,9** |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техника** | **112,5** | **112,7** | **112,7** | **112,9** | **113,9** | **113,3** | **110,8** | **109,9** | **110,6** | **110,4** | **109,4** | **110,0** | **109,3** | **109,0** | **109,4** | **108,9** | **107,9** | **107,0** | **107,3** | **106,9** | **106,1** |
| **Саламатыкты сактоо** | **112,0** | **112,0** | **111,7** | **112,1** | **112,6** | **111,2** | **113,4** | **111,6** | **111,9** | **110,3** | **110,4** | **109,7** | **111,9** | **110,9** | **110,6** | **110,9** | **110,4** | **112,9** | **109,4** | **109,9** | **110,3** |
| **Транспорт** | **103,4** | **106,9** | **106,6** | **106,2** | **109,5** | **108,6** | **108,0** | **108,9** | **108,0** | **109,5** | **108,1** | **108,1** | **108,7** | **108,9** | **109,3** | **108,8** | **102,9** | **102,6** | **101,3** | **100,8** | **101,8** |
| КММ | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,3 | 106,3 | 103,7 | 100,8 | 100,0 | 100,3 | 103,0 | 103,7 | 102,2 | 101,9 | 103,2 | 102,8 | 101,3 | 98,5 | 98,6 | 96,6 | 97,5 | 102,9 |
| **Байланыш** | **103,1** | **103,1** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **101,1** | **101,1** | **101,1** | **101,1** | **100,9** | **100,9** | **100,9** |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | **111,5** | **111,9** | **111,4** | **112,3** | **110,0** | **110,1** | **109,1** | **108,5** | **109,8** | **109,4** | **107,8** | **108,2** | **108,1** | **108,3** | **107,3** | **105,9** | **107,4** | **107,3** | **106,9** | **105,6** | **104,8** |
| **Билим берүү** | **116,0** | **114,9** | **114,9** | **114,9** | **114,8** | **114,8** | **112,1** | **112,2** | **111,8** | **108,5** | **108,6** | **108,4** | **108,5** | **108,5** | **108,4** | **108,4** | **108,3** | **108,3** | **108,2** | **108,1** | **102,4** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **115,9** | **118,0** | **118,4** | **119,0** | **120,9** | **119,5** | **115,4** | **115,4** | **113,0** | **114,1** | **113,7** | **115,8** | **112,9** | **110,9** | **111,5** | **111,1** | **109,5** | **109,6** | **109,6** | **109,6** | **107,7** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызматтар** | **106,4** | **106,5** | **106,6** | **106,5** | **107,1** | **106,8** | **106,1** | **105,8** | **109,0** | **109,2** | **108,8** | **108,9** | **108,1** | **107,9** | **107,6** | **106,6** | **105,7** | **106,4** | **107,1** | **106,7** | **103,1** |

# 3-таблица. Импорттун 2013-жылдын январь-август айлары үчүн баанын жана физикалык көлөмүнүн индекстери

| Товардын аталышы | 2013-ж. 8 айы млн.АКШ долл. n13*p13 | 2012-ж. 8 айы млн.АКШ долл. n13*p12 | 2012-ж. 8 айы млн.АКШ долл. n12*p12 | Индекстер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | баасы | физ. көлөмү | наркы |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 698,5 | 732,5 | 606,1 | 0,95 | 1,21 | 1,15 |
| Чоюн жана болот | 169,3 | 178,8 | 140,6 | 0,95 | 1,27 | 1,20 |
| Дары-дармектер (ветеринардык дарыларды кошо алганда) | 114,2 | 124,9 | 90,3 | 0,91 | 1,38 | 1,26 |
| Жүк ташуу үчүн автомобилдер жана атайын багытка каралган автомобилдер | 86,7 | 117,8 | 123,8 | 0,74 | 0,95 | 0,70 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмдук заттар | 68,2 | 65,8 | 54,7 | 1,04 | 1,20 | 1,25 |
| Кант, кант  жана бал кошулуп  жасалган азыктар | 58,8 | 61,0 | 65,7 | 0,96 | 0,93 | 0,89 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 57,8 | 46,5 | 52,0 | 1,24 | 0,90 | 1,11 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 53,6 | 48,1 | 43,0 | 1,11 | 1,12 | 1,25 |
| Эт жана эт азыктары | 52,8 | 33,8 | 49,0 | 1,56 | 0,69 | 1,08 |
| Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана  угут | 51,0 | 30,2 | 56,5 | 1,69 | 0,53 | 0,90 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 49,4 | 47,8 | 46,9 | 1,03 | 1,02 | 1,05 |
| Жер семирткичтер | 49,0 | 55,9 | 48,5 | 0,88 | 1,15 | 1,01 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 48,2 | 32,7 | 43,1 | 1,47 | 0,76 | 1,12 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 47,2 | 45,5 | 53,3 | 1,04 | 0,85 | 0,88 |
| Башка категорияда камтылбаган чоюндан, болоттон же алюминийден конструкциялар | 46,3 | 44,5 | 22,0 | 1,04 | 2,02 | 2,10 |
| Ийне жалбырактуу дарактын узатасынан кесилген жыгачтары | 45,7 | 45,1 | 37,7 | 1,01 | 1,20 | 1,21 |
| Баштапкы формадагы пластмассалар | 45,0 | 47,2 | 38,3 | 0,95 | 1,23 | 1,18 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар, чийки заттар, рафинирленген жана фракционирленген | 43,8 | 41,4 | 39,8 | 1,06 | 1,04 | 1,10 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 42,4 | 50,3 | 35,4 | 0,84 | 1,42 | 1,20 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | 40,4 | 51,0 | 46,5 | 0,79 | 1,10 | 0,87 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 40,0 | 113,7 | 35,1 | 0,35 | 3,24 | 1,14 |
| Баштапкы эмес формадагы пластмассалар | 37,8 | 44,9 | 26,0 | 0,84 | 1,73 | 1,45 |
| Буудай же угут уну | 33,9 | 24,0 | 16,4 | 1,41 | 1,46 | 2,07 |
| Жашылча-жемиштер | 33,8 | 30,1 | 21,7 | 1,12 | 1,39 | 1,56 |
| Таманы же сырты резинадан же синтетикалык материалдардан жасалган бут кийим | 31,8 | 23,1 | 34,0 | 1,38 | 0,68 | 0,94 |
| Жеңил автомобилдер жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 30,8 | 22,4 | 12,0 | 1,38 | 1,87 | 2,58 |
| Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар | 29,4 | 33,5 | 22,0 | 0,88 | 1,52 | 1,34 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 27,8 | 44,2 | 25,7 | 0,63 | 1,72 | 1,08 |
| Кант кошулган минерал суулары жана кант кошулган алкоголсуз суусундуктар | 24,7 | 21,9 | 19,9 | 1,13 | 1,10 | 1,24 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | 23,8 | 27,1 | 23,4 | 0,88 | 1,16 | 1,02 |
| Башка категорияларда камтылбаган электр бөлүштүргүч жабдуулар | 23,6 | 19,9 | 17,5 | 1,18 | 1,14 | 1,34 |
| Сырдоочу жана ийлөөчү заттар; боёочу зат | 23,5 | 25,5 | 19,8 | 0,92 | 1,29 | 1,19 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 23,1 | 21,9 | 17,6 | 1,06 | 1,24 | 1,31 |
| Башка категорияда камтылбаган баалуулукка жатпаган  металлдардан жасалган буюмдар | 23,0 | 26,9 | 29,0 | 0,85 | 0,93 | 0,79 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 20,9 | 17,9 | 22,5 | 1,17 | 0,80 | 0,93 |
| Шагыл, таш, кендерди иргөө жана элөө, бөлүштүрүү үчүн машиналар | 20,0 | 10,7 | 10,4 | 1,86 | 1,03 | 1,93 |
| Электр трансформаторлору | 18,4 | 2,2 | 4,4 | 8,23 | 0,51 | 4,21 |
| Самолеттер жана башка учуучу аппараттар | 17,5 | 22,6 | 19,8 | 0,77 | 1,14 | 0,89 |
| Сырдалган керамика плиткалары | 17,4 | 12,0 | 10,7 | 1,44 | 1,12 | 1,62 |
| Кофталар, пуловерлер жана ушундай эле трикотаж же токулган  кийим-кечелер | 16,6 | 12,6 | 7,8 | 1,31 | 1,63 | 2,13 |
| Зымдан жасалган буюмдар жана тосмолор | 16,4 | 33,4 | 13,6 | 0,49 | 2,46 | 1,21 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүндөрү | 16,4 | 12,5 | 10,4 | 1,31 | 1,20 | 1,58 |
| Таш, кум жана шагыл | 16,4 | 10,0 | 4,9 | 1,64 | 2,04 | 3,35 |
| Медициналык жана фармацевтикалык продукциялар | 15,3 | 10,1 | 8,6 | 1,51 | 1,17 | 1,77 |
| Тракторлор | 13,7 | 15,7 | 9,1 | 0,87 | 1,73 | 1,51 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 13,7 | 10,0 | 14,9 | 1,37 | 0,67 | 0,92 |
| Транспорттук каражаттар үчүн ичтен күйүүчү поршендик кыймылдаткычтар | 13,6 | 5,9 | 3,1 | 2,30 | 1,91 | 4,40 |
| Полго төшөлмөлөр | 13,0 | 8,2 | 8,7 | 1,58 | 0,94 | 1,48 |
| Тиричилик муздаткычтар жана тоңдургучтар | 12,5 | 13,3 | 14,4 | 0,94 | 0,92 | 0,87 |
| Монетардык эмес алтын | 11,7 | 0,1 | 10,2 | 81,96 | 0,01 | 1,15 |
| Алюминий | 11,4 | 13,2 | 5,0 | 0,87 | 2,61 | 2,26 |
| Арматура жана бекитмелер | 11,1 | 15,0 | 4,0 | 0,74 | 3,80 | 2,82 |
| Маргарин жана комбижир | 10,5 | 10,6 | 8,9 | 0,99 | 1,19 | 1,18 |
| Кол жана машина инструменти | 10,2 | 3,1 | 18,4 | 3,31 | 0,17 | 0,55 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 10,2 | 11,4 | 11,7 | 0,89 | 0,97 | 0,87 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 10,1 | 7,0 | 10,1 | 1,45 | 0,69 | 1,00 |
| Башка категорияда камтылбаган ар түрдүү химиялык заттар | 10,1 | 16,0 | 8,9 | 0,63 | 1,80 | 1,13 |
| Жыгач-булалуу плита | 10,0 | 8,7 | 9,7 | 1,16 | 0,89 | 1,03 |
| Башка категорияда камтылбаган, кен болуп саналбагандардан буюмдар | 10,0 | 8,7 | 8,0 | 1,15 | 1,08 | 1,24 |
| Карапа буюмдары | 9,9 | 4,8 | 7,3 | 2,07 | 0,66 | 1,36 |
| Темирден, болоттон жана жезден мыктар,  гайкалар, чоң бурамалар ж.б.у.с. | 9,8 | 10,2 | 8,1 | 0,96 | 1,26 | 1,21 |
| Балык, рак сыяктуу моллюскалар, сууда жашоочу омурткасыз жандыктар | 9,8 | 9,2 | 8,5 | 1,07 | 1,08 | 1,15 |
| Май жана сырдан башка сүт, каймак жана сүт азыктары | 9,8 | 9,4 | 9,0 | 1,04 | 1,05 | 1,09 |
| Пластмассадан курулуш жабдуулары | 9,6 | 8,3 | 3,8 | 1,15 | 2,20 | 2,53 |
| Эркектер жана балдар үчүн трикотаж же токулган кийим-кечелер | 9,5 | 19,1 | 10,7 | 0,50 | 1,78 | 0,89 |
| Башка категорияда камтылбаган электр жылыткыч приборлору | 9,5 | 18,4 | 10,0 | 0,52 | 1,84 | 0,95 |
| Өзү жүрүүчү бульдозерлер, грейдерлер жана тегиздегичтер | 9,1 | 16,7 | 2,7 | 0,54 | 6,13 | 3,34 |
| Жүк ташуу үчүн арабалар | 9,1 | 7,9 | 9,1 | 1,15 | 0,87 | 1,00 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)*** | **2 707,8** | **2 775,2** | **2 340,6** | **0,98** | **1,19** | **1,16** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | *73%* | | *72%* | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **3 720,4** | | **3 261,4** | | | |

УСКнын СИФ баасында маалыматтары боюнча, таблицада импорттун алгачкы ири 68 статьясы келтирилген

n - товар импортунун физикалык көлөмү

p - товардын эсептелген импорттук баасы

## 4-таблица. Экспорттун 2013-жылдын январь-август айлары үчүн баанын жана физикалык көлөмүнүн индекстери

| *Товардын аталышы* | *2013-ж. 8 айы* *млн.АКШ долл.* ***n13*p13*** | *2012-ж. 8 айы* *млн.АКШ долл.* ***n13*p12*** | *2012-ж. 8 айы* *млн.АКШ долл.* ***n12*p12*** | ***Индекстер*** *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын | 251,8 | 279,3 | 248,2 | 0,90 | 1,13 | 1,01 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 88,9 | 96,6 | 71,8 | 0,92 | 1,35 | 1,24 |
| Жашылча-жемиштер | 84,1 | 85,5 | 85,7 | 0,98 | 1,00 | 0,98 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 23,6 | 25,4 | 22,5 | 0,93 | 1,13 | 1,05 |
| Жүк ташуу үчүн жана атайын багытка каралган автоунаалар | 23,3 | 34,4 | 23,1 | 0,68 | 1,49 | 1,01 |
| Чоюн жана болот | 22,1 | 27,2 | 16,8 | 0,81 | 1,61 | 1,31 |
| Тапталган айнек жана бети жылмалатылган айнек | 21,3 | 28,5 | 4,3 | 0,74 | 6,68 | 4,97 |
| Электр тогу | 20,4 | 15,0 | 40,6 | 1,36 | 0,37 | 0,50 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 18,9 | 10,9 | 5,2 | 1,73 | 2,10 | 3,64 |
| Ысытуу лампалары | 14,9 | 15,3 | 12,5 | 0,98 | 1,22 | 1,20 |
| Көйнөктөр | 13,3 | 18,6 | 18,5 | 0,72 | 1,01 | 0,72 |
| Баалуу металлдар кендери жана концентраттар | 11,6 | 23,4 | 33,5 | 0,50 | 0,70 | 0,35 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 11,6 | 15,8 | 17,3 | 0,74 | 0,91 | 0,67 |
| Портландцемент, цемент | 11,2 | 10,9 | 7,2 | 1,03 | 1,51 | 1,56 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 10,5 | 15,4 | 14,8 | 0,68 | 1,04 | 0,71 |
| Даярдала элек тамеки; тамеки калдыктары | 10,5 | 9,3 | 10,4 | 1,13 | 0,90 | 1,01 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | 8,1 | 10,2 | 7,5 | 0,79 | 1,36 | 1,08 |
| Ар кандай баалуулукка жатпаган металлдар | 7,7 | 13,9 | 7,0 | 0,55 | 2,00 | 1,10 |
| Жеңил автомобилдер жана жүргүнчүлөрдү ташууга багытталган транспорт каражаттары | 7,3 | 7,2 | 4,3 | 1,01 | 1,70 | 1,72 |
| Тирүү жандыктар | 7,1 | 123,8 | 5,0 | 0,06 | 24,99 | 1,43 |
| Трикотаж же токулган байпактар | 7,0 | 10,9 | 9,2 | 0,65 | 1,18 | 0,76 |
| Пахта | 6,7 | 7,2 | 16,7 | 0,93 | 0,43 | 0,40 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 6,7 | 6,8 | 6,7 | 0,98 | 1,03 | 1,01 |
| Самолеттер жана башка учуучу аппараттар | 6,3 | 14,8 | 6,6 | 0,43 | 2,25 | 0,96 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 6,2 | 2,5 | 1,0 | 2,51 | 2,44 | 6,12 |
| Пальто, кыска пальто, плащтар ж.б.у.с. кийим-кечелер | 5,2 | 5,8 | 9,5 | 0,89 | 0,62 | 0,55 |
| Өзү жүрүүчү бульдозерлер, грейдерлер жана тегиздегичтер | 5,1 | 4,3 | 1,7 | 1,18 | 2,56 | 3,01 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 4,9 | 9,0 | 3,6 | 0,55 | 2,48 | 1,36 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 4,8 | 6,2 | 6,2 | 0,77 | 1,01 | 0,78 |
| Май жана сырдан башка сүт, каймак жана сүт азыктары | 4,8 | 4,2 | 17,8 | 1,14 | 0,23 | 0,27 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 4,8 | 3,1 | 2,0 | 1,51 | 1,54 | 2,33 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 4,4 | 4,4 | 2,8 | 1,02 | 1,57 | 1,60 |
| Эт жана эт азыктары | 4,3 | 3,2 | 3,0 | 1,35 | 1,07 | 1,44 |
| Тракторлор | 4,1 | 3,8 | 1,9 | 1,08 | 2,01 | 2,17 |
| Башка категорияда камтылбаган, кен болуп саналбагандардан буюмдар | 3,9 | 4,2 | 2,9 | 0,94 | 1,44 | 1,34 |
| Металл сыныктары жана кара металлургия калдыктары | 3,8 | 4,1 | 5,0 | 0,92 | 0,81 | 0,75 |
| Кол жана машина инструменттери | 3,6 | 3,1 | 4,4 | 1,14 | 0,72 | 0,82 |
| Юбка жана юбка-шымдар | 3,4 | 4,5 | 7,1 | 0,75 | 0,64 | 0,48 |
| Темир жолдору же трамвай жолдору үчүн арматуралар жана бекиткичтер | 3,4 | 3,6 | 1,7 | 0,94 | 2,19 | 2,06 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 3,2 | 2,3 | 2,3 | 1,41 | 1,02 | 1,44 |
| Жасалма текстиль материалдардан кездемелер | 3,0 | 5,8 | 2,3 | 0,52 | 2,52 | 1,30 |
| Жер семирткичтер | 2,9 | 3,5 | 2,6 | 0,83 | 1,35 | 1,12 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)*** | **775,6** | **990,3** | **782,1** | **0,78** | **1,27** | **0,99** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы экспорттон %)*** | ***84%*** | | ***85%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп экспорт*** | **919,2** | | **919,4** | | | |

УСКнын ФОБ баасында кошумча эсептөөлөрдү эске алуусуз маалыматтары боюнча, таблицада экспорттун алгачкы ири 43 статьясы келтирилген

n - товар экспортунун физикалык көлөмү

p - товардын эсептелген экспорттук баасы

МАЗМУНУ

# Глоссарий

**Базалык инфляция** – бул, баанын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баанын кескин өзгөрүүсү, газ, электр энергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма, КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрель айынан тартып Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептей баштаган (2010-жылдын 29-апрелдинде кабыл алынган №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук ичимдик, тамеки продукциясынын айрым бир түрлөрү, КММ, "электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү" товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча транспортук кызматтар, байланыш кызматтарын көрсөтүүлөр жана башкалар эске алынбайт. Бүтүндөй алганда, эске алынбаган товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Аукциондорго катышуу укугуна тике катышуучулар ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык сыяктуу эле, жеке адамдар да Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акчалар боюнча милдеттенмеси жана Улуттук банктын башка депозиттик корпорациялар алдындагы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы милдеттенмеси.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.

**М1** – М0 + улуттук валютадагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер.

**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

**М2Х** – М2 + чөт өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүдө чыгарылган акча.

МАЗМУНУ

**Ички дүң продукциянын дефлятору**- бул, экономикадагы баалардын өсүшүнүн эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн экономика тармактарындагы баалардын жыйынтыкталган индекси. ИДӨ дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Башка депозиттик корпорациялар** – борбордук банктан башка, бардык финансы-корпорциялар-резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (M2X) улуттук аныктамасына камтылган милдеттерди эмитирлешет.

**Башка резидент-секторлор** – бул сектордо бардык үй-чарбалар жана аны тейлеген коммерциялык эмес уюмдар камтылат.

**Башка финансылык корпорациялар** – институционалдык бирдиктер, алар M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлебейт (мисалы аларга банктык эмес финансы-кредит мекемелери кирет).

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** - жергиликтүү өндүрүүчүлөр тарабынан өз продукцияларына алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. Керектөө баасынын индексинин (КБИ) эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесинде тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар камтылат.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн КБИ колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Кайра каржылоо кредити** – бул Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукцион өткөрүү аркылуу банктарга улуттук валютада сунушталган кредиттик ресурстар/акча каражаттары. Кайра каржылоо кредити банктарга мөөнөттүүлүк (1 айдан 6 айга чейин), төлөөгө жөндөмдүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо алдында белгиленген пайыздык чен боюнча сунушталат. Сунуштоо шарттары жана кредиттик каражаттардын көлөмү Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен аныкталат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Финансылык эмес корпорациялар** – товарларды өндүрүү жана финансылык эмес кызматтарды көрсөтүү менен алектенген жана экономиканын финансы секторуна кирбеген корпорациялар.

**Ноталар** – Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүүнүн максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** - мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын ала макулдашылган баада аларды кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/ сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)** - бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болсо (Y<Y*), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстер болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Жана тескерисинче, эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон (Y>Y*) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

ИДӨ ажырымы айкын жана потенциалдуу ИДӨ катышы катары эсептелинет:

$$GAP_t = \frac{GDP_t}{GDP_POT} - 1, \text{ мында:}$$

$GAP_t$ - t мезгилинде ИДӨ ажырымы;

$GDP_t$ - t мезгилинде айкын ИДӨ;

$GDP_POT$ - потенциалдуу ИДӨ.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп-операциялары** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин киреше көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурстарынын наркын аныктоодо негизги багыт берүүчү катары колдонулган инструмент. Эсептик чендин өлчөмү Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын аларды жайгаштыруу боюнча акыркы өткөрүлгөн 4 аукционунда калыптанган кирешелүүлүгүнүн орточолонгон маанисине теңештирилген.

**GSCI-ag** (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контракттардын баа индекси - «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан бул биржалык товарларды топ катары сунуштоо үчүн иштелип чыккан.

МАЗМУНУ

# Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| МКВ | Мамлекеттик казына векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казына облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы комитети |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| КДКР | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл чарба министрлиги |
| МЖ | Маркетингдик жыл |
| Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| FAO (ФАО) | Food and Agricultural Organisation of the United Nations |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |
| ISO | Эл аралык кант уюму |